Долбоор

**ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭЛГЕ БИЛИМ БЕРҮҮ МИНИСТРЛИГИ**

**РЕСПУБЛИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ БОРБОРУ**

**ФИЛОЛОГИЯ ПРЕДМЕТИНИН БЛОК МОДУЛУ БОЮНЧА ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ МЕКЕМЕЛЕРИ ҮЧҮН ОКУУ ПРОГРАММАСЫ**

**VIII КЛАСС**

# АДАБИЯТ

**ТАШКЕНТ -2018**

# ТҮШҮНҮК КАТ

Адабият таалиминин негизги максат жана милдеттери окуучулардын көз карашын, ой жүгүртүүсүн кеңейтүү жана аң-сезимин жогорулатууда, өз пикирин эркин баяндоого, сөз өнөрүнө, Мекенге, улуттук  каада-салт жана бай руханиятыбызга болгон мээрим, урмат-сый, махабат рухунда тарбиялоо болуп саналат.

Башкы максаттан келип чыккан абалда адабият окуу предметинин алдына коюлган максат төмөнкүлөрдөн турат:

өзүнүн  пикирин оозеки жана жазма түрдө туура жана так баяндаган, китепти сүйүүчүлүк маданияты калыптанган, өз алдынча жана чыгармачыл ой жүгүртө алган,чыгарма негизинде эркин пикирлей билдирген  , башкалардын пикирин  аңдап түшүнө турган – карым-катыш жана кеп маданияты өнүккөн адамды жетилтүү;

адабият предмети негизинен өз ичине география, тарых, кыргыз тили, педагогика-психология, логика, этика, тил маданияты жана стилистика предметтерин өз ичине камтыйт;

улуттук, ошондой эле дүйнөлүк адабияттын сейрек үлгүлөрүн окутуу аркылуу окуучулардын руханий-ахлактык жан дүйнөсү, адабий-эстетикалык сезимин калыптандыруу, ошондой эле аларда өз алдынча ой жүгүртүү, образдуу ойлоого карата билим, көнүкмө, тажрыйбаларды пайда кылуу жана өнүктүрүү;

окуучуларды көркөм адабиятка кызыктыруу, чыгармаларды үйрөтүү жараянында аалам жана инсан мүнөзү, улуттук, жалпы инсандык баалуулуктар, ар бир окуган чыгармасынын тарбиялык маанисин чечмелей ала турган , корутунду чыгара билген,  ошондой эле китепти сүйүүчүлүк маданиятын калыптандыруу аркылуу окуучулардын руханиятын, көз карашын кеңейтирип, бышыктап баруу;

окуучуну ой жүгүртүүгө, башкалардын пикирин түшүнүүгө, өзүнүн оюн оозеки жана жазма түрдө сабаттуу баяндоого каратылган кептик компетентцияны өнүктүрүү;

ар бир окуган чыгармасындагы автордун берейин деген оюн аныктай билген, алган билимдерин турмушта туура пайдалана алган, өзүнүн инновациондук идеяларына ээ боло алган ;

жазма кепте жогорку сабаттуулук, адабий тил нормаларына көңүл буруу, стилдик көркөмдүктөн пайдалана алуу жана предметтин мазмунунан келип чыккан абалда окуучуларда таяныч компетентцияларды калыптандыруудан турат.

Республикабызда окумуштуу Б. Блумдун таксаномиясы, “Кейс стади”ге негизделген окутуу технологиясы, тест технологиясы, “Бумеранг”, “3х4”, “БББ”, квест-сабактар, электрондуқ-виртуалдык сабақтар,аралыктан окутуу ж.б сыяктуу заман талабына ылайык системаларды колдонуу усулдары аркылуу окуучуларга жогорку деңгээлде билим берүү бүгүнкү күндүн талабы болуп саналат. Окутуу технологиялары көптөгөн педагогикалык инновациялык иш тажрибалар, автордук мектептер менен биргеликте мугалимдердин көйгөйлөрүн талдоону жана системалаштырууну талап кылат.

Аталган окуу программасы 2018 – 2019-оқуу жылында 11-класс , 2019-2020-оқуу жылында 8-9-класстар , 2020-2021-оқуу жылында 5-класс, 2022-2023-окуу жылында 6,7,10-класстарда баскычма –баскыч иш жүзүнө ашырылат.

Жалпы орто билим берүүчү мектептеринин 5-11-класстарынын ар биринде жыл боюнча: Адабият 5-класста-68 саат, 6-класста – **68** саат, 7-класста - **68** саат, 8-класста – **68**-саат, 9-класста **-68**-саат, 10-класста – **68**-саат, 11-класста – **68** саат окутулат.

**VIII КЛАСС**

**АДАБИЯТ**

**( 68 саат)**

**Окуучулардын окуу аракеттери натыйжаларына коюла турган талаптар:**

түрдүү адабий жанрларга тиешелүү талкууларда катыша алат;
жакшы идея жана инсандык сапаттар негизинде ой-пикир жүргүзө алат;
көркөм адабият түрлөрүн иликтей алат;
чыгарманын каармандарынын мүнөзүн баалайт;
кыргыз улуттук драматургиясын түшүнөт;
ырлардын мазмунун иликтейт;
түрдүү абалдарда кеп маданиятын эрежелерине амал кылат;
адабий тилдин нормаларына амал кылган абалда түрдүү темаларда реферат жана чыгармачылык текст жаза алат.

**Киришүү**

**(1 саат)**

«Өнөр алды кызыл тил».Эл арасында кеңири жайылган бул накылдагы маңызга караганда кыргыздар өнөрдүн эң баалуусу деп –сөз өнөрүн түшүнөт. Сөздүн күчү,кудуреттик жөндөмү адамдар арасындагы байланыш, катнаштын негизги куралы болуп,ийкемдүүлүгү, жандуулугу жана эң негизгиси сыпаттап баяндоо, көркөм туюнтуу касиеттерине ээ экендиги.

**Кыргыз элинин байыркы жазма эстеликтери**

**( 3 саат)**

Кыргыздар жана Орхон-Энесай жазма эстеликтери. Күл-Тегинге арналган эстелик. Күл-Тегин эстелигинен үзүндүлөр. Күл-Тегин эстеликтериндеги философиялык ой-пикирлерден бир үзүм.

**Кыргыз элинин оозеки көркөм чыгармачылыгы**

**(3 саат)**

Кыргыз фольклорунун негизги түрлөрү. Эпикалык чыгармалар. Дидактикалык чыгармалар. Кыргыз фольклору жөнүндөгү илим жана анын проблемалары. Адабият теориясы.Фольклор.

**«Манас» эпосу**

**( 18 саат)**

«Манас». «Манастын туруктуу өзөк окуялары» «Манас» эпосун жыйноо,басып чыгаруу,изилдөө иштери. Манасчылар.Сагымбай Орозбак уулу. Саякбай Каралаев. «Манас» эпосунун варианттары. «Манастын» С.Оразбак уулу айткан варианты. «Манастын» С.Каралаев айткан варианты. «Манас» эпосунун темасы жана идеясы. Эпостогу образдар системасы. Манас жана анын кырк чоросу.Алмамбет.Чубак,Сыргак.Бакай.Кошой.Эпостогу аялдардын образдары. Канекейдин образы. Арууке. Сайкал. Жакып. Коңурбай. Жолой. «Манастын» көркөмдүк түзүлүшү. «Манас»жана бүгүнкү күн, «Манстын жети осуяты.» «Семетей», «Семетейдин» айтуучулары жана негизги варианттары. «Семетейдин» темасы жана идеясы.Эпостун каармандары. Семетейдин образы. Күлчоро. Айчүрөк. Бакай жана Каныкей.Эпостогу терс каармандары.Канчоро. Чачыкей.чынкожо.Толтой. «Семетейдин» поэтикасы жөнүндө. «Сейтек». «Сейтектин» сюжеттик курулушу жана негизги окуялары. «Сейтектин» С.Каралаев айткан варианты. Чыгарманын негизги каармандары. Сейтек. Куялы. Кыяс менен Канчоро. Сарыбай. Адабият теориясы.Баатырдык эпос.

## Орто кылымдардагы адабий мурастардан

**(3 саат)**

Баласагындык Жусуп. «Кут алчу билим». Поэманын сюжеттик курулушу жана мазмуну. Поэмадагы образдар. Поэмадагы акыл,билим,тил-сөз жонүндөгү баалуу ойлор. Поэма кесип ээлери жөнүндө. Үй-бүлө,тарбия жөнүндө. Поэманын мааниси. Адабият теориясы.Дидактикалык чыгарма. Бейт.Кашкарлык Махмуд. «Түрк тилдеринин сөздүгү».

## Уламышка айланган акылман инсандардын мурастарынан

**( 2 саат)**

Өткөн доорлордо өмүр сүргөн даанышман инсандардын өмүрү менен чыгармачылыгын үйрөнүү. Бука ырчы. Асан кайгы.

## XIX-XX кылымдардагы эл ырчыларынын чыгармачылыгы

**(10 саат)**

Фольклордук чыгармаларды сактоодогу жана өнүктүрүүдөгү эл ырчыларынын эмгеги. Калыгул Бай улуу. Арстанбек Буйлаш уулу.Токтогул Сатылганов. Адабият теориясы.Философиялык лирика. Женижок (Өтө) Көкө уулу. Адабият теориясы.Ассонанс жана аллитерация. Барпы Алыкулов. Алыкул Үсөнбаев. Ашыраалы Айталиев. Эстебес Турсуналиев. Тууганбай Абдиев.

## Түрдүү элдердин эстелик мурастарынан

**(4 саат)**

Көркөм чыгармадагы жалпы адамзаттык идеялар. «Жолборс терисин жамынган баатыр». Чыгарманын көркөмдүгү жана мааниси.

**Кыргыз поэзиясынан тамчылар**

**(3 саат)**

Барктабас Абакиров. Кармышак Ташбаев. Сүйөркул Тургунбаев, Анатай Өмүрканов. Замирбек Үсөнбаев.

**Боордош элдердин адабиятынан**

**( 11 саат)**

Пиримкул Кадыровдун өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө кыскача маалымат.12 жаштагы Бабурдун тактыга олтурушу,кулк-мүнөзү,кыял-жоруктарынын баяндалышы.Жаш Бабурдун Алишер Наваийге деген урмат-сыйы.Бабур адилетсиздикти байкаса да,бектерге каршы чыга албастыгы.

**Эркин Вахидовдун ырлары**

Эркин Вахидовдун ырларынын өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү. Акын лирикасында табият жана инсан ортосундагы мамилелердин туюнтулушу.

**Саида Зуннунова.”Нaристе жыты” аңгемеси**

Жазуучунун “Наристе жыты” аңгемеси жөнүндө түшүнүк.. Чыгарманын сюжети,композициялык курулушу жана көркөм өзгөчөлүктөрү.

**Шүкүр Халмирзаев.Ангемелери**

Шүкүр Халмирзаевдин өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө кыскача маалымат.“Ат ээси”, аңгемесинде инсан жана табият ортосундагы байланыштын туюнтулушу.Чыгарманын сюжети,композициялык курулушу жана көркөм өзгөчөлүктөрү.

**Асхад Мухтар. Ырлары.** “Домбура”,”Вагондо”, “Күзгү бактар” ырлары. Акындын өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө кыскача маалымат.

Темаларды үйрөнүү үчүн–58

Жыйынтыктоо сабагы –2 саат

Дилбаян–8 саат

## Адабият курсун тематикалык пландаштыруу

| № | Бөлүмдөр аты | Сааттар саны | | |
|---|---|---|---|---|
| | | жалпы | теориялык | практикалык |
| 1 | Киришүү | 1 | 1 | |
| 2 | Кыргыз элинин байыркы жазма эстеликтери | 3 | 1 | |
| 3 | Кыргыз элинин оозеки көркөм чыгармачылыгы | 3 | 1 | |
| 4 | «Манас» эпосу | 18 | 2 | |
| 5 | Орто кылымдардагы адабий мурастардан | 3 | 1 | |
| 6 | Уламышка айланган акылман инсандардын мурастардан | 2 | 1 | |
| 7 | XIX-XX кылымдардагы эл ырчыларынын чыгармачылыгы | 10 | 2 | |
| 9 | Түрдүү элдердин эстелик мурастарынан | 3 | 1 | |
| 10 | Кыргыз поэзиясынан тамчылар | 3 | 1 | |
| 11 | Боордош элдердин адабиятынан | 12 | 1 | |
| 12 | Жыйынтыктоо сабагы | 2 | | |
| 14 | Дилбаян | 8 | | |
| | **Жалпы** | 68 | 12 | |

## Пайдаланылган жана пайдаланууга сунушталып жаткан адабияттар:


1. O‘zbekiston Respublikasining 1997 yil 29 avgustdagi “Ta'lim to‘g‘risida”gi qonuni.

2. O‘zbekiston Respublikasining 1997 yil 29 avgustdagi “Kadrlar tayyorlash milliy dasturi”.

3. O‘zbekiston Respublikasi Vazirlar Mahkamasining 2017 yil 15 martdagi “Umumiy o‘rta ta’lim to‘g‘risidagi Nizomni tasdiqlash haqida”gi 140-sonli qarori.

4. O‘zbekiston Respublikasi Vazirlar Mahkamasining 2017 yil 6 apreldagi “Umumiy o‘rta ta’lim va o‘rta maxsus, kasb-hunar ta’limining davlat ta’lim standartlarini tasdiqlash to‘g‘risida” gi 187-son qarori.

5.Абдуллаев .Э.Исаев.Д. Кыргыз орфографиясынын эрежелери, Б.2013.

6. Адабиятты окутуунун методикасы. Иманалиев К. ж.б. Б. 2016.

7.Абдылбаев.Э. “Манас”эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары,Б.1996

8.Бекбоев .И. Тимофеев.А.И. Сабактын оптималдуу вариантын даярдап өткөрүүнүн методикасы,Б. 2010

9.Жигитов.С.Акындын эки өмүрү.Б.1998

10. Закиров.С. Кыргыз элинин макал – лакаптары,Б.1998

**Жалпы орто билим берүүнүн “Адабият” предметинен окуу программасын иштеп чыгуу боюнча чыгармачылык топтун тизмеси**

| **Т\н** | **Фамилиясы жана аты** | **Иш жайы жана кызмат орду** | **Колу** |
|---|---|---|---|
| 1 | Темирова Махбуба Алибековна | Андижан мамлекеттик университети ф.ф.доценти | |
| 2 | Юнусалиева Абиба | Республикалык билим берүү | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Анарбаевна | борборунун кыргыз тили методисти | |
| 3 | Тойчубаева Айсулуу Маматбековна | Андижан областы Хожаабад району 10-жалпы билим берүүчү мектеби кыргыз тили жана адабияты мугалими | |
| 4. | Уринбаева Шахзода Каюмовна | Ташкент областы Бөкө району 35-жалпы орто билим берүүчү мектебинин кыргыз тили жана адабияты мугалими | |
| 5 | Шерматова Гүлзада Эркиновна | Республикалык билим берүү борборунун кыргыз тили методисти | |